**Ж.БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ Д 10.22.644**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:811.512.154 (575.2) (043.3)**

**ТОКОШЕВА ЖАМИЛА АТТОКУРОВНА**

# МАХМУД КАШКАРИНИН «ДИВАН-И ЛУГАТ АТ-ТҮРК» СӨЗДҮГҮНДӨГҮ УҢГУ СӨЗДӨР (АТООЧ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ) ЖАНА АЛАРДЫН АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КАТЫШТЫГЫ

**10.02.01 – кыргыз тил**

**Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек–2023

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Ибрагимов Сүйүнтбек Ибрагимович**
филология илимдеринин доктору, профессор, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** ______________________________________
______________________________________

**Жетектөөчү мекеме:** ______________________________________

Диссертациялык иш 2023-жылдын 00 саат 00.00 :Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10. 22. 644 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720033,Бишкек шаары, Фрунзе көч., 547.
Диссертациялык иш менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547), К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университинин (720044, Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси, 27) китепканаларынан, диссертациялык кеңештин расмий сайтынан (/////) таанышууга болот.

Автореферат 2023-жылдын 00-февралында жөнөтүлдү

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, филология
илимдеринин кандидаты, доцент Каратаева С. К.

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Орто кылымдарда лингвистикалык, этнографиялык, фольклордук, географиялык жана тарыхый баалуу маалыматтарды берген бул жазма эстелик ар тараптан изилденүүгө муктаж. Лингвистикалык максат менен андагы сөздөрдүн составы, маанилери, грамматикалык түзүлүштөрү ар тараптан изилденип чыгыш керек. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» китебинин сөздөрү узак убакыттан бери структуралык түзүлүштөрү боюнча да, берген маанилери боюнча да өзгөрүүлөргө учураган. Анын сөздүгүндө атооч сөздөр, этиш сөздөр жана айрым башка түркүмдөгү сөздөр берген маанилери түшүндүрүлүп чагылдырылган.

«Диван-и лугат ат-түрк» эмгегиндеги атооч сөздөрдүн курамы - өтө ар түрдүү. Көпчүлүгүн  зат атооч сөздөр түзөт. Буюмдардын, нерселердин жана абстрактуу түшүнүктөрдүн аттары менен бирге элдердин, жер-суулардын, жаныбарлардын жана башка объектилердин аттары да сөздүккө камтылган. Атооч сөздөрдүн бир бөлүгүн сын атооч сөздөр жана анча көп эмес бөлүгүн сан атоочтор менен ат атоочтор түзөт. Атооч сөздөрдүн катарында атоочтуктар (алар көп эмес) да кошулуп изилденди.

М.Кашкаринин китебиндеги атооч сөздөрдүн маанилери, тыбыштык жактан өзгөрүүлөрү, азыркы кыргыз тилинде сакталгандарынын изилденишинин мааниси чоң. Ушул кезге чейин эч бир изилдөөчү бул темага кайрылган эмес. Ар кандай тилдин сөздүк составынын басымдуу бөлүгүн атооч сөздөр түзөт. Атооч сөздөр ар кандай заттардын, кубулуштардын, абстракттуу түшүнүктөрдүн аттарын билдирип дүйнө таануучулук чоң мааниге ээ болот. Демек, Махмуд Кашкаринин сөздүгүндөгү атооч сөздөрдү изилдөө менен ата-бабаларыбыздын мындан миң жыл мурдагы дүйнө таанымдарынан кеңири түшүнүк алса болот.

Мезгилдер өткөн сайын жазма эстеликтердин баркы, баалуулугу артат. Түрк элдеринин тарыхынан, жашоо шартынан, маданиятынан жана ар кандай урууларынан маалымат берген  жазма эстелик аталган Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» аттуу эмгеги дүйнөлүк тил илиминин тарыхында энциклопедиялык баалуулугу менен теңдешсиз мааниге ээ болгон асыл мурас болуп эсептелет. Автор өз эмгегинде тилдин грамматикалык жактарына көңүл бөлүп, керектүү түшүндүрмөлөрдү жана тиешелүү жерлеринде эрежелерди иштеп чыккан. Эмгекте сөздөр, алардын калыбы, жасалышы сыяктуу грамматиканын маселелерин чагылтканын көрөбүз.  Бул мындан бир канча кылым мурунку түрк тилдеринин (диалектилеринин) далилдери болуп эсептелет. Демек, эмгектин материалдарын ар тараптан изилдөөгө алуу менен бирге, эмгек менен кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүндөгү, грамматикалык  формасындагы жана лексикалык курамындагы ар түрдүү өзгөчөлүктөрдү изилдөө учурдагы **актуалдуу маселелерден** болуп саналат.

Махмуд Кашкаринин эмгегиндеги үндүүлөрдүн үндөштүгү сакталган жана сакталбаган учурлары да бар. Сөздөгү үндүүлөр тилге карай да, эринге карай да үндөшсө толук үндөшүү, тилге карай үндөшүп, эринге карай үндөшпөй калса, толук эмес үндөшүүнү түзөт. Ошол эле учурда бир сөздүн ичинде жоон жана ичке үндүүлөрдүн бирдей келип, тилге карай үндөшүү бузулган учурларын эмгектен кездештиребиз.

«Диванда « бир же бир нече муундан турган сөздөр бар. Сөздө канча үндүү болсо, ошончо муун болот. Эмгектеги сөздөр да кыргыз тилиндегидей муун үч түргө: ачык муун, жабык муун, туюк муун болуп бөлүнөт.

Сөздүктөгү уңгу сөздөрдүн мааниси азыркы кыргыз тилине бардык жактан дал келген сөздөрдүн ар тараптан толук иликтенбегендиги, анын фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрүнүн каралбагандыгы маселенин колго алынып изилденишин талап кылып турат.

Жазылышы сакталып, мааниси өзгөргөн уңгу сөздөрдүн аталышы жана алардын өзгөргөн формасынын кепте айтылган учурлары бар. Китептеги уңгу сөздөрдүн канча түрү бар экендигин аныктоо менен түрк тилдерине мүнөздүү болгон фонетикалык, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрдү салыштырма-тарыхый жана статистикалык ыктын негизинде сыпатталбагандыгы да бизди кызыктырат. Анан дагы атооч сөздөрдүн составындагы тыбыштык жана морфемалык өзгөрүүлөрдүн сырын ачып чыгуу азыркы кыргыз тилинин тарыхы үчүн баалуу фактыларды берет. Ошентип Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» китебиндеги атооч сөздөрдү лингвистикалык максатта изилдөө **актуалдуу тема** болуп саналат.

**Иштин илимий изилдөө программалар жана долбоорлор менен байланышы**. Диссертациялык изилдөөнүн темасы ОшМУнун кыргыз тил илими кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты** катары аталган эмгектеги уңгу сөздөрдүн азыркы кыргыз тилиндеги көрүнүшү жана лексика-грамматикалык маанилериндеги өзгөрүүлөрүнүн аныкталышы, өзгөрүүлөрдүн себептеринин ачылышы жана сөздөрдүн байыркы көрүнүштөрү менен азыркыларын салыштыруу болуп саналат.

Бул максатка жетүү үчүн алдыбызга төмөндөгүдөй конкреттүү **милдеттер** коюлду:

- Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү атооч сөздөрдөгү созулма үндүүлөрдүн чагылдырылышын иликтеп талдап чыгуу;

- эмгектеги атооч уңгу сөздөрдөгү үндөштүктөргө байкоо жүргүзүү, муун түзүлүштөрүн иликтеп, талдап чыгуу;

- Махмуд Кашкаринин доорундагы түрк тилдеринин лексикасындагы атооч сөздөрдөгү структуралык өзгөрүүлөргө иликтөө жүргүзүп, анын себептерин аныктоо;

- «Дивандагы» лексикалык маанилери өзгөрбөгөн, лексикалык маанилери өзгөрүп кеткен сөздөрдү иликтеп, талдоого алуу;

- Махмуд Кашкари каттап түшүндүргөн сөздөрдүн тематикалык топторуна, анын ичинен кесипчиликке байланышкан сөздөргө, жаныбарлардын аталыштарына, астрономиялык түшүнүктөргө, жер-суу жана географиялык аталыштарга азыркы көз караш менен анализ жүргүзүү;

- «Дивандагы» атооч сөздөрдүн өзгөрүү өзгөчөлүктөрүн иликтеп, аларды азыркы кыргыз тилиндеги сөздөр менен салыштыруу;

- кыргыз тили менен «Дивандагы» сөздөрдүн лексикалык курамынын өзгөрүлгөнүнө, алардын өзгөрүп же өзгөрбөй сакталып айтылып жаткандыгына маани берүү.

**Иштин илимий жаңылыгы.** Изилдөөдө аткарылган:

1) байыркы түрк жана азыркы кыргыз тилдериндеги жалпылыктар менен айырмачылыктардын аныкталышы;

2) тилдик диахрониядагы сөз маанилеринин кеңейтүү, өзгөрүү кубулуштарынын белгилениши;

3) М.Кашкаринин сөздүгүндө берилген атоочтук уңгулардын лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрүнүн көрсөтүлүшү;

4) сөздүктөгү куранды, уланды мүчөлөрдүн колдонуу жолдорунун, ыкмаларынын толук сыпатталышы;

5) М.Кашкариде катталган сөздөрдүн кыргыз тилине карата тыбыштык, семантикалык жана грамматикалык өзгөрүлөрүнүн ар тараптан мүнөздөлүшү – иштин негизги натыйжалары.

**Иштин практикалык мааниси**. Изилдөөдө Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү сөздөр уңгу түрүндө да, өзгөргөн түрүндө да жолуккандары талдоого алынып, келечекте түшүндүрмө, тарыхый-этимологиялык сөздүктөрдү иштеп чыгууга материал болуп бере алат. М.Кашкаринин сөздүгү боюнча жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн атайын курс иштеп чыкса да болот.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор**:

1.Мааниси жана структуралык түзүлүшү жагынан «Дивандын» лексикасы менен азыркы кыргыз тилинин лексикасынын окшоштуктары менен кошо айырмачылыктары да бар.

2. Дивандагы” уңгу сөздөр формасы жана мааниси жагынан азыркы кыргыз тили менен негизинен бирдей болуп, айырмачылык өзгөчөлүктөргө да ээ.

3. М. Кашкаринин сөздүгүндө уңгу сөздөрдүн грамматикалык жактан өзгөргөн түрлөрүн да реестрге чыгара бергендиги лингвистикалык талдоого кыйынчылыктарды жаратпайт.

4. Сөздүктө сөздөр тилдин жандуу көрүнүшү менен кыска-кыска сүйлөм, сөз айкашы катары мисалдардагы маанилери аркылуу түшүндүрүлгөн.

5. Дээрлик миң жыл сакталып келген «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүк китебиндеги уңгу сөздөр лексика-семантикалык жактан да, лексика-грамматикалык жактан да өзгөрүүлөргө учураган.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Иштин темасын тандоодо, пландын чегинде материал топтоп, иреттеп, чечмелеп, жалпылап чыгуунун өзү автордун жекече салымы болуп эсептелет. Эмгектин текстин даярдоо, жыйналган фактыларды топтоштуруу, сыпаттоо, талдоо иштери автор тарабынан жекече иштеринин натыйжасы болуп саналат. Сөздүктөгү куранды мүчөлүү да, уланды мүчөлүү да уңгу сөздөрдүн ылганбай структуралык талдоого алынышы да автордун жеке салымы болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы.** Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча «В мире науки и искусства: вопросы филологии, искусствоведения и культурологии» (РФ, Новосибирск, 17 март 2017г.) аттуу эл аралык, «Инновационные исследования как локомотив развития современной науки» (Москва, 2019г.) «Бюллетень науки и практики» (РФ, Нижневартовск, 2020, № 9; 2021, № 3; 2021, № 4) аттуу эл аралык, «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана», ОшМУнун 75 жылдыгына арналган конференциясында докладдар, баяндамалар окулуп, окумуштуулардын талкуусуна коюлуп келди.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча 15 макала жарыяланып, анын ичинде КР УАКтын тизмесине киргендер - 9, РИНЦ индекстөө системасына кирген рецензияланган мезгилдүү илимий басылмалардан чыкканы 6 макала.

**Изилдөөнүн түзүлүшү**. Диссертациялык изилдөө киришүүдөн, үч баптан, таблицалардан, корутундудан, адабияттар тизмесинен жана тиркемеден (178 бет) турат. Иштин жалпы көлөмү - 180 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу, негизги максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого сунуш-талган жоболору жана иштин апробациясы, түзүлүшү тууралуу сөз болот.

**Биринчи бап** «Махмуд Кашкаринин сөздүгүнүн которулушу жана изилдениши» деп аталып, тиешелүү адабияттарга обзор берилди. «Дивандын» жалпы лингвистикада жана түркологияда изилдениши боюнча иликтөөбүзгө түздөн-түз жана кыйыр түрдө тиешеси бар, төмөнкү окумуштуулардын эмгектерине обзор жүргүзүлдү: С. Е. Малов (1951), А. Жафероглы (1984), А. Н. Кононов (1972), М. Ширалиев (1972), А. М. Щербак (1977), К. М. Мусаев (1975) ж.б.

Кыргыз тили илиминде М.Кашкаринин китебинин изилдениши боюнча төмөнкү окумуштуулардын эмгектерине анализ берилди: Т. Сыдыкбеков (1982), Б. Орузбаева (1972), А. Акматалиев (2011), К.Артыкбаев (1990), Т.Чоротегин (1990), Т.Ахматов (2011), К.Токтоналиев (2007), К.Саматов (2007), Т.Сыдыков (2007), Б.Сагынбаева (2007), А.Абдыразаков (2004), И.Абдувалиев (2013), Т.Токоев (2011), З.Мусабаева (1975), Ж.Жумалиев (2007), М.Толубаев (1991), С.Каратаева (2008), А.Карымшакова (2007), Г.Жаманкулова (2011), И.Султаналиев (2015), А.Оморов (2011), Ж.Семенова (2011), Д.Саттаркулов (2002), Г.Бакирова (2011), Р.Коңурбаева (2011), З.Исмаилова (2011), Б.Ж.Усмамбетов (2017), С.Давлатова (2017) ж.б.

**Экинчи бапта** М. Кашкаринин сөздүгүн изилдөө методологиясы жана методдору каралат. Азыркы кезден болжолу миң жыл илгери ар кайсы элдерди, урууларды кыдырып жүрүп чогултулган сөздөрдүн иретке келтирилип, маанилери түшүндүрүлүп жазылган китептин ичиндеги атооч сөздөрдү терип алып азыркы кыргыз тилинин материалдары менен салыштырып карап чыгууда лингвистикалык гана эмес, башка илимдердин да методдорунун тажрыйбаларына кайрылып иш жүргүзүү керек экендиги белгилүү болду. Ошентип лингвистикалык жана адабият, тарых, этнография, география илимдеринин тажрыйбалары пайдаланылды.

Байкоо, анализдөө жана синтездөөлөрдүн терең колдонулушу иштин ийгиликтүү алга жылышын шарттады. Тилдик материалдардын салыштырылышында тарыхый-хронологиялык ыкманын жана лингвистикалык тарыхый-салыштырма методдун негиздерине кайрылуу ийгиликтерге жетүүгө өбөлгө болду. Кыргыз тил илиминин гана эмес, түркологиянын, жалпы тил илиминин жетишкендиктерин изилдөөнүн негизи катары карап методологиялык үлгүлөрүн өздөштүрүүнүн аракетинде болуп изилдөөлөр жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн объектиси** - Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгеги, **предмети** «Дивандагы» уңгу сөздөр болуп саналат.

**Үчүнчү бап «Дивандагы» уңгу сөздөр боюнча изилдөөдө алынган жекече натыйжалар»** деп аталып, эмгектеги уңгу сөздөрдүн азыркы кыргыз тили менен фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык жактан салыштырылып изилдөөгө алынган.

**3.1. Уңгу сөздөрдүн тыбыштык өзгөчөлүктөрү.** М.Кашкаринин «Диванында» созулма үндүүлөрдүн аз чагылдырылганын көрөбүз. Кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр менен айтылган сөздөр бул байыркы сөздүктө үч тыбыштык тизмектен (V+C+V) турат. «Дивандагы» мындай сөздөр берген маанилери боюнча азыркы кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр менен айтылган сөздөргө туура келет.

Эки үндүү тыбыштын ортосуна келген [г], [в], [ң] үнсүз тыбыштары үндүү тыбыштардын таасири менен жоголуп калып, созулма үндүүлөргө

айланган. *Огул* – кырг.*уул*; *еңек* – кырг. *ээк* [И.А. I, 137]; *ав* – кырг. *уу, аң уулоо* [З.А. I,2005: 113].

Сөздүн аягында [в], [г] үнсүз тыбыштары айтыла бербей созулма үндүү тыбыш пайда болгон: *сув* [C+V+C] – кырг. *суу*; *ачиг* [V+C+V+C] – *ачуу*.

Азыркы кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөрдүн ар бири өзүнчө фонемалык касиетке ээ. Айрым созулма үндүүнүн өзүнчө фонема катарында колдонулушу VII кылымга таандык. Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде да кездешет. Демек, созулма үндүүлөр байыркы түрк тилдеринде да орун алып келген. Окумуштуу А.А.Умаровдун пикири боюнча VIII кылымдагы азыркы Түндүк Монголияда табылган орхон эстеликтериндеги жазуулар жана Орто Азияда XI кылымдагы Махмуд Кашгаринин "Диван-и лугат ат-түрктөгү" жазуулар түрк тилдериндеги баштапкы созулма үндүүлөр болгондугун ырасташат. Эстеликтерде "*кар*" сөзү созулма *ка:р*, "*тизе*" сөзү *ти:з* деп берилет. Эки эстеликтеги сөздөрдү салыштырып, түрк тилдердеги баштапкы созулма үндүүлөрдүн болушу чындык экендиги, буларда созулма үндүүлөр көбүрөөк берилгендигин айтат [Умаров, 2014:76-77]. Көрсөтүлгөн мисалдар Махмуд Кашкаринин «Диванынын» С.Муталлибовдун өзбекче котормосунда, З.А.Ауэзованын орусча котормосунда да окшош берилген.

**Сингармония кубулушу**. 1. Үндүүлөрдүн таңдай күүсүнө (жоон же ичкелигине) карата үндөшүүсү; 2.Үндүүлөрдүн эрин күүсүнө (эринчил же эринисиз үндүү болуп айтылышына) карата үндөшүп өзгөрүшү өңдүү толук сингармонизмди түзгөн сөздөр бар. Толук эмес сингармонизм же эринге карай үндөшүүнүн сакталбай калган учурлары да китепте бар экендиги байкалды.

Кыргыз тили менен "Дивандагы" сөздөрдүн тыбыштык үндөшүүлөрү

| **Сингармонизмдин түрлөрү** | **"Дивандагы" мисалдар** | **Кыргыз тилиндеги мисалдар** |
|---|---|---|
| Толук сингармонизм | Каргылач | Карлыгач |
| Толук эмес сингармонизм | бучкаг, кушгач | бучкак, кучкач |

**Тилге карай үндөшүүнүн бузулушу**. Бир сөздүн ичинде жоон жана ичке үндүүлөрдүн бирдей келип, тилге карай үндөшүүсү бузулган сөздөр: *ухи* – кырг. *укү*; *бирук* – кырг. *буйрук* ж.б.

**Эринге карай үндөштүктүн бузулушу**. Сөздүн биринчи муунундагы (у) кийинки муунда турган (а)га таасирин тийгизе албайт. Бул өзгөчөлүк уңгу (тубаса) сөздө жана туунду сөздө да сакталган: *узак* –кырг. *узак, созулган*; *улдаң* – кырг. *ултан* сыяктуу мисалдар эмгекте бар.

**Үнсүздөрдүн курамы**. «Диванда» геминаттардын колдонулушу мүнөздүү: *иггиз* - *эгиз*. Кыргыз тилинде сөздүн аягындагы [г] тыбышы [к] тыбышына өтүп айтылат, ал эми «Диванда» сөздүн аягындагы [г] тыбышы менен жазылат *кошог* - кырг.*кошок*, бул позициялык процесстин натыйжасы болуп саналат. Сөздүн айтышында арткы муунундагы же экинчи сөздөгү

тыбыштын таасири менен алдыңкы муундагы же сөздөгү тыбыштын ага окшошуп, регрессивдүү ассимиляцияланып *ессиз – ес+сыз*; *ассиз* болуп айтылат. Фонетикада тыбыштардын алмашылып сөз башында “й” келсе, анын ордуна кыргыз тилинде “ж” келет: *йаз* – кырг. *жаз, йети* – кырг. *жети,* ж.б. Сөздүн ортосундагы “б” тыбышынын ордуна кыргыз тилинде “п”нын келиши: *аба* – кырг. *апа*; “л”нын ордуна “т”нын айтылышы: *ашлык* - кырг. *аштык*; “б”нын ордуна “м”нын айтылышы: *кобуз* - кырг. *комуз* ж.б.ушул сыяктуу фонетикалык ар кандай өзгөрүүлөргө учураганы менен маанилери азыркы кыргыз тилинде сакталган.

**Муундардын түрлөрү** эмгекте ачык, жабык жана туюк муундуу формалар катталган. Эмгек менен кыргыз тилиндеги муундун түрлөрүн салыштыруу методу аркылуу караганда, бири-бирине жакын экендиги байкалат.

Кыргыз тили менен “Дивандагы” сөздөрдүн муундук түзүлүштөрү

| **Муундун түрлөрү** | **“Дивандагы” мисалдар** | **Кыргыз тилиндеги мисалдар** |
|---|---|---|
| Ачык муун | Ата | ата |
| Жабык муун | al-ma | ал-ма |
| Туюк муун | bıl-dır | был-тыр |

### 3.2. Азыркы кыргыз тилинде фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураган сөздөр

Эмгектеги угулушу жана жазылышы азыркы кыргыз тилине дал келген сөздөр бар. Махмуд Кашкаринин «Дивандагы» уңгу сөздөрдүн азыркы кыргыз тилинде угулушу жана жазылышы туура келген сөздөр: *күл* - күл, *кум* - кум [МКтт 593] кыргызча мааниси өзгөрүлбөстөн, бири-бирине дал келет.

Эмгекте бир сөз ичиндеги кээ бир тыбыштардын белгилүү позицияда түшүп калышы же синкопалык кубулушка ээ болгон: *топрак* – кырг. *топурак, кеклик* – кырг. *кекилик* сыяктуу бир топ сөздөр берилген.

Лексикалык жактан маанилери өзгөрбөгөн сөздөр көп. Махмуд Кашгаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегинин жазылганына бир нече кылым өтсө да тыбыштык жана маанилик жактан өзгөрүлбөстөн тарыхый баяндарда, санжыраларда, макал-лакаптарда: *отун* – кырг. *отун*; *еш* – кырг. *эш*, жолдош сыяктуу сөздөр ошол бойдон сакталган.

**«Дивандагы» лексикалык жактан маанилери өзгөргөн сөздөр.** Кээ бир сөздөрдүн маанилерин билүү максатында: «Диван» Махмуд Кашгари по праву считается ценнейшим памятником тюркских языков XI века. Только благодаря этому труду в настоящее время имеется возможность восстановить архетипы многих слов и форм и дать объяснение некоторым современным явлениям в ряде тюркских языков”, - деп жазган азербайжан окумуштуусу М.Ш.Ширалиев [Ширалиев, 1972:29]. «Дивандагы» сөздөр кыргыз

тилинде айтылган фонетикалык жактан айырмаланып, лексикалык мааниси бирдей болгон сөздөрдү мисал келтиребиз: токум – сөздүктө союла турган жаныбар деп жазылган. *Согум* көбүнчө жылкыга карата айтылат [Будагов, I 1869:708] деп Л.З.Будагов түшүндүрмө берген. Ал эми кыргыз элинде көбүнчө жылкыга айтылып, союла турган жаныбарды *согум* дейт. «Манас» эпосунан мисал келтиребиз:

*Кышта* ***согум*** *болсун — деп,*

*Беш-алты бээ карысы,*

*Жылкыга көзүн салышты* [СО VI: 261]. Кыргыз тилинде *токум*, ээр аттын токулгасы, ээр токуму делет. Биздин оюбузча, Махмуд Кашкаридеги бул сөз *токум* деп транскрипцияланбай *сокум* деп окулуш керек. Анткени союла турган жаныбар *сокум* делет.

Тырнак – бир нерсени чечүү үчүн чогулган элдин жыйыны. Эки тыбыштын орун алмашышы метатезаланышы байкалат. Анткени кыргыз тилинде *тырмак* сөзү колдонулат. Алсак, *тырмак ал, тырмак алдыр*; *тогуз жүз кемпир чогултуп, тырмакка салып тыттырып; тырмак алды эмгегим* жана башка сөздөрдү К.К.Юдахин өзүнүн эмгегинде көрсөткөн [Юдахин, II 295]. “Манас” эпосунда төмөндөгүдөй айтылат:

*Карайлатып каапырды,*

*Канатка* ***тырмак*** *батырды* [СО V 516]. «Диванда» бир нерсени чечүү үчүн чогулган элдин жыйыны *тырнак* болсо, ушул эле сөз кыргыз тилинде фразеологизмдерде колдонулат: *жапа тырмак* бүт бардыгы, бири калбай, жапырт маанисине туура келет. *Тырмак алды* куш алган же тайган тиштеген алгачкы олжо. *Тырмактын агындай*, абдан кичинекей ушул сыяктуу фразеологизм сөздөр кыргыз тилинде айтылат [Абдулдаев, 1990:36].

Азыркы кыргыз тилиндеги **көөнөргөн сөздөр.** Коомдогу көрүнүштөр дайыма өзгөрүп, өнүгүп тургандыктан тилдеги сөздүк курам өзгөрүлмөлүү келет. Ал адамдарды өз ара пикир алмашуу талабын камсыз кылуу үчүн дайыма жаңы сөздөр же синоним сөздөр менен толукталып турат. Тилдин лексикасындагы кээ бир сөздөр, алардын маанилери эскирип, колдонуудан чыгып калышы тилдин өнүгүшүндөгү узак убакытты талап кыла турган татаал процесс экендиги белгилүү. Кээ бир сөздөр тилдин өнүгүшүнүн бир мезгилинде активдүү колдонуп, бара-бара унутулуп, колдонуудан чыгып, анын ордуна башка синоним сөздөр айтылып калган учурлары бар**.** Тактап айтканда, азыркы кыргыз тилиндеги кээ бир көөнөргөн сөздөр Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгеги менен Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосунан табылат. Жандуу кыргыз тилиндеги кээ бир сөздөр активдүү лексикалык корунан чыккан менен, элдин эсинде сакталып, элдик оозеки адабиятта, географиялык аттарда, көркөм адабиятта жана башка адабияттарда айтылып калган. «Манас» эпосунун тили, анын

лексикалык байлыгы, өзгөчө таасирдүү көркөм сөз каражаттары кыргыздын жалпы элдик оозеки тилинин эталону болуп эсептелет [Мамытов, 2002:25]. Эмгектеги ***учмак*** – кырг. *учмак, бейиш, жаннат* маанисин берсе, эпосто да ушул сөз айтылат.

*Кылганыңды сүйлөөдөн*
***Учмакты*** *көздөй учасың,*
*Нур кызынан кучасың.*
*Жаннатты көздөй жанасың* [СО III 42].

**Битик** - «Диван-и лугат ат-түрк» боюнча битик сөзүнүн маанилери төмөндөгүлөр: 1.битик – *кырг.* китеп; 2. битик – *кырг.* кат. Ошондой эле эмгекте: "аныг битики белгүүлүк " – анын каты (жазуусу) белгилүү. 3.битик – *кырг.* тумар [МК I 669] маанисин берет. Битик - жазуу, кат, чыгарма. Кыргыз эпосторунда "бичик" деп айтылат [Карасаев, 2016: 196]. Азыркы кыргыз тилинде *битик* сөзү эскирген сөз болуп колдонуудан чыккан. Тарыхый романдарда кездешет: "*Колуна куш кондурган, кемер курчанган аксакалдын сүрөт жасаты чегилген заңгел ташка мындай битик түштү*" [Жусупов, 1995: 108]. «Манас» эпосунда битик "бичик" формасында айтылып, *касиеттүү китеп* же *бал китеп* маанисин берет:

*Арзан киши мен белем,*
*Билимим сенден кем белем?*
***Бичиктен*** *бир жүз окудум,*
*Илимим сенден кем белем*? [СО IV 134].

**3.3. «Дивандын» тилинин сөздүк составы.** Уңгу сөздөрдүн лексикасы, уңгу сөздөр жана алардын кыргыз тили менен байланышы, «Дивандагы» атooч сөздөрдү азыркы кыргыз тили менен салыштырылып иликтөө жүргүзүлдү. XI кылымда жазылган Махмуд Кашкаринин китеби сөздүк болуп эсептелип, анда түрк элдеринин (диалектилеринин) лексикасы чагылдырылган. Китепте адегенде өз заманындагы түрк элдери жана уруулары жөнүндө жазып, аларды жашаган жерлери боюнча мүнөздөп чыгат. Анын китебине дээрлик бардык түрк элдеринин тилинин лексикасы кирген деп эсептесек болот. Ошон үчүн «Дивандагы» түрк тилдеринин сөздүк составын ар түрдүү кесиптерди билдирген, ошол кесиптерге байланыштуу болгон сөздөр деп карап чыгып, биринчи кезекте кесипчиликтерге тиешелүү сөздөрдү, анан уңгу сөздөрдү терип чыгып, ошолорго анализ жүргүзүүнү чечтик. Бир нече лексика-тематикалык топторго ажыратып бөлүп талдадык.

Орто кылымдарда жазылган бул сөздүк китепке түрк тилдеринин лексикасынын бардыгы чагылдырылып киргизилген деп айта албайбыз. Себеби, бир нече изилдөөчүлөрдүн, окумуштуулардын болжолдуу эсептери боюнча Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» китебинде болжол менен тогуз миңдин айланасында сөздөр бар. А.Н. Кононовдун айтымында [Кононов, 1972:12] эмгекте болжол менен 7500 тегерегинде сөз бар.

З.-А.М.Ауэзова «Түрк сөздөрүнүн алфавиттик индексин» түзүп ага 10211 сөз жана сөз формаларын алфавит тартиби боюнча жайгаштырып [Султаналиев, 2015:154], 6727 маани берген сөз которулуп жазылган. М.Кашгари «Диван-и лугат ат-түрктө» өз алдынча маани берген 7076 сөз жана сөз формаларын (мүчө) берген [Султаналиев, 2015:155].

Ылдыйдагы таблицада келтирилген эсептөөлөр И.Абдувалиев, Т.Ахматов, М.Толубаев, А.Оморов, И.Султаналиевдер тарабынан которулган китеп боюнча жүргүзүлдү.

«Дивандагы» уңгу сөздөрдүн сөз түркүмдөрү боюнча сан эсеби.

| № | "Дивандагы" сөз түркүмдөр | Сөздөрдүн саны |
|---|---|---|
| 1 | Зат атооч сөздөр | 2753 |
| 2 | Сын атооч сөздөр | 652 |
| 3 | Сан атооч | 29 |
| 4 | Ат атооч | 40 |
| 5 | Этиш | 3372 |
| 6 | Атоочтуктар | 146 |
| 7 | Кыймыл атооч | 62 |
| 8 | Тактооч | 68 |
| 9 | Кызматчы сөздөр | 126 |
| 10 | Жалпы атооч сөздөр | 3574 |
| 11 | Жалпы сөз | 7248 |

Ошентип, Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү сөздөр 9 же 10 миң сөздүн айланасында болсо да орто кылымдардагы түрк тилдеринин негизги сөздүк составы чагылдырылган деп айта албайбыз. Ошондо да ар кандай кесипти, өнөрдү, кесипте пайдаланылган жана башка көптөгөн сөздөрдүн бар экенин таап терип алып, аларга лингвистикалык иликтөөлөрдү жүргүздүк. Махмуд Кашкаринин эмгегинен терип алган сөздөрдүн, жогоруда айтылгандай, майда-майда тематикалык топторду салыштырып изилдеп карап чыктык. Кыргыз эли элдик медицина, мергенчилик кылуу, балык кармоочулук, килем токуучулук, сайма саюучулук, кийиз жасоо иштери менен алектенишкен. Ушул сыяктуу кесиптерге ылайык сөздөр колдонулган. Махмуд Кашкаринин сөздүгүндөгү кесипчиликке байланышкан сөздөрдү азыркы кыргыз тилиндегилер менен салыштырылды.

3.4. «Дивандын» тилинин лексика-тематикалык топтору боюнча иликтөөлөр. Элдер турмуш-тиричиликте ар кандай ооруларга туш болушуп, алардан айыгуунун жолун издешет. Кандайдыр ооруп калганда адам ал оорудан айыгууга аракет кылат. Бул байыркы замандан бери эле келе жаткан көрүнүш болуп эсептелет. Ошол оорулар, аларды айыктыруунун жол-жобосу жана ооруну айыктырган кишилерге карата атайын сөздөр колдонулат.

Мындан миң жылдай убакыт мурда жазылган «Диван-и лугат ат-түрк» китебинде мына ошондой сөздөрдүн бар экени жолукту. Орто кылымдын энциклопедист-окумуштуусу катары Махмуд Кашкаринин эмгегинде ар тараптуу кесипке байланышкан сөздөр, баалуу мурастар камтылган. Эмгекте **медицина** боюнча маалыматтар түшүндүрмөлөрү менен берилгенин көрүүгө болот. Талдоодогу сөздөрдүн биринчиси «Дивандан» мисалдар берилди: *сары кезиг* – кырг. сары оорусу, *талгаан иг* – кырг. талма оорусу. *Талма* - эпилепсия; талмасы кармаган 1) у него припадок эпилепсии [Юдахин, 1965:197] ж.б.у.с. оорулардын аттары боюнча маалыматтар түшүндүрмөлөрү менен берилген. Кээ бир сөздөр тыбыштык жактан бир аз өзгөргөн.

**Устачылыкка байланышкан сөздөр.** «Диванда» *узмак* – кырг. шакирт, үйрөнчүк маанисин берет. *Уз* сөзү чебер, уз, өнөрлүү кишини билгизсе ага *уз+мак=узмак*, мында этиштен зат атооч жасоочу мүчөдөн пайда болду. Мисалы, куймак, илмек ж.б. *Темирлүк* – кырг. темир эритүүчү жай; *кудузгун* – кырг. куюшкан. «Манаста» мындай айтылат:

*Аккуланын жарагы,*
*Аңдап көрсө ал дагы*
***Куюшкан,** олоң, басмайыл*
*Ар кайсысын кыскартып* [СО VIII-IX 163].

**Чеберчилик** илгертеден келе жаткан кол өнөрчүлүк болуп эсептелет. Сөздүктө**:** *ериш* – кырг. *эриш*; *ериш аркаг* – кырг. кездеменин эриш-аркагы делет. *Аркаг* – кырг. *аркак*. Эриштин, өрмөктүн аркагы. Азыркы кыргыз тилиндеги чеберчиликке байланышкан сөздөрдүн басымдуу бөлүгү эмгекте кездешет.

Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө **жаныбарлардын аталыштары** да арбын кездешет. Аларды анын сөздүгүнөн терип алып талдап, азыркы кыргыз тилиндеги аталыштар менен дал келүүлөрүн да карап көрөбүз. *Бөрү* – кырг. бөрү. *Бөрү баласы ит болбойт, бөтөн бала өз болбойт* (макал). Бул сөз да, макал да азыркы кыргыз тилинде өзгөртүлбөй айтылып келет.

*Колуна чыбык алыптыр,*
*Каршы алдынан бир **бөрү***
*Качырып чыга калыптыр* [СО I 178].

Азыг – кырг. аюу [МК I 149], аба – аюу (кыпчакча) [МК I 187]. Аюу дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде эзелтеден тотемдик жаныбар катары белгилүү. Байыркы түрк диалектилеринде бул сөз “azig”, “adig” формаларында айтылганы маалым [Каратаев, 2003: 27]. «Манас» эпосунан мисалдар:

*Илбирс, **аюу**, бөрү бар,*

*Баары коркот адамдан* [СО VIII 22]. Кыргыздардын бир уруусу *адыгене* деп аталып, ал *адыг* жана *эне* деген сөздөрдүн бирдигинен пайда болгон. Аюунун тотем катары айтылганына бул уруунун аталышы мисал болот.

«Дивандагы» **канаттуулардын** аталыштары. Азыркы кыргыз тилиндеги канаттуулардын аттарын «Диван» менен Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы “Манас” эпосунда кездешкендигин төмөндөгү материалдарда көрсөтүлүп, келтирилген мисалдар К.К.Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” котормолору берилген.

*Гиргый* – кырг. кыргый. Кыргый - ястреб - перепелятник [Юдахин, 1т. 1965: 494]. *Кыргый* сөзү фонетикалык “г”нын ордуна кыргыз тилинде “к” айтылып өзгөрүүгө учураганы менен мааниси окшош айтылат жана «Манас» эпосунда төмөнкүдөй формада кездешет:

***Кыргый*** *алган торгойдой*

*Илип жүргөн сандан көп* [СО II 356].

*Карга* – кырг. карга. Эмгекте: «Карга карысын ким билгир, киши аласын ким табар”, - Карга карысын ким билер (анын балапан чагынан бери), адам аласын ким табар (ичинде эмне катылуу), – деген макал учурда кыргыз тилинде айтылат. К.К.Юдахинде: карга - ворона (общее название), - деп берген [Юдахин, 1т. 1965: 350].

***Карга****, кузгун казандайт,*

*Карап айран калыптыр* [СО II 107].

Эмгекте **жылкыны** ажыратып, өңү-түсүнө карап айтууда окшоштуктарын жана кээ бир айырмачылыктарын салыштырабыз. *Азгыр* – кырг. *айгыр, кызгул ат* – кырг. *кызгылт ат*. «Дивандагы» жылкыга тиешелүү сөздөр азыркы кыргыз тилинде да айтылат жана окшоштуктары бар. «Манас» эпосунан мисал келтиребиз:

*Айгайын алтай салыптыр,*

*Ачып көздү жумганча*

*Бир тору тай келип калыптыр.*

*Тай өткөн жашы кунандыр* [СО I 163].

**Ат жабдыктарынын** өзүнө тиешелүү аталыштары бар. Эмгекте *кудузгун* - куюшкан, *көмөлдүрүк* – басмайыл, *утгун* – куткун, басмайыл. Ээрдин алдыңкы кашынын сол жагына тагылуучу кол канжыга сыяктуу сөздөр катталган.

**Астрономиялык түшүнүктөр**. Жылдыздардын аттарын Махмуд Кашкаринин эмгеги менен кыргыз тилине салыштырып, окшоштуктары бар: *ай* – ай; *бучкаг* – ааламдын төрт тарабынын бири; *Үлкер* – Үркөр жылдызы ж.б. жылдыздардын аттары; жыл мезгилинин ар бирине – жаз, жай, күз, кышка токтолуп, ар биринин бөтөнчөлүктөрү, «Дивандагы» 12 жыл санагынын (мүчөл) аттары азыркы кыргыз тилинде окшош айтылат.

«Дивандагы» **үй буюмдары**: *айак* – аяк (идиш), *очок* – очок; **тамак-аш**: *көмэч* – кырг. *көмөч*, нан түрү, *чүрөк* – күлчө нандын бир түрү, челпектин чакан түрүн чүрөк делет; *канак* – каймак, *булгама* - буламык ж.б. Кээ бир сөздөрдүн гана аталыштары башкача аталат.

**Дене түзүлүштөрдүн аттары** Махмуд Кашкаринин эмгегиндеги: *баш* – баш, *арңак* – бармак, манжа, *кываал мурун – кыргый мурун* сыяктуу көпчүлүк сөздөр, аларды атоонун формалары жана маанилери азыркы кыргыз тилиндей аталыштары дээрлик бардыгы окшош айтылат. Эмгектеги **жер жемиштер**: *үзүм* – жүзүм, *ерүк* – өрүк, *сармусак* – сарымсак; «Диванда» **дары чөптөрдүн** аттары жазылган: "*от ичтим*" деген сүйлөмдөгү от күйө турган нерсе эмес, от "*дары чөп*" катары берилет. *Ендүз* – кырг. андыз. Жылкынын ичи ооруганда пайдалануучу дары чөптүн тамыры (карындыз). *Чечек* – кырг. *гүл* кыргыз тилинде *байчечекей* деп айтылат. Эмгектеги жазылган дары чөптөр элдик медицинада да, азыркы медицинада да дарылардын курамына кошулат.

**Айлана-чөйрөнү таанып билүүдөгү жалпы түшүнүктөрдүн (абстракция) аталыштары**. Абстрактуу зат атоочтор көз менен ачык-айкын көрүүгө, кол менен кармап билүүгө мүмкүн болбогон, бирок ой жүгүртүү аркылуу аныктала турган заттык түшүнүктөрдү [Давлетов, 1980:47] билдирген сөздөр «Диванда» кездешет. Алардагы сөздөр: *кут* – кырг. *кут, үмдү* – кырг. *үмүт,* кыргыз тилинде мааниси кандай болсо дал ошондой түшүнүктү билдирет.

**Мезгилди билдирген сөздөр**. Биздин ата-бабаларыбыз күндүзгү маалды жана жыл мезгилдерин боз үйдүн түндүгүнөн билишчү. Түндүк сааттын ролун аткарган. «Диванда» мезгилди билдирген: *ерте* – эрте, эрте менен, *иңир* - кырг. *иңир* ж.б. мезгилди билдирген сөздөр айтылат.

Түрк тилдеринин тектештигин алардын фонетикалык, грамматикалык жактан болгон жакындыгы жана бардык түрк тилдерине орток лексиканын болгондугу далилдейт. Өгүзчө *чөмчии* – кырг. *чөмүч*, сөздүн аягында "и" тамгасынын эки кайталанышы менен жазылган. *Самдаа* – бут кийим (сандал) чыгыл тилинде. *Сандал* сөзү азыр деле бут кийимдин аты айтылат. «Дивандагы» жазылган уруулардын колдонгон сөздөрү басымдуу бөлүгү түшүнүктүү, же болбосо сөздүн формасы сакталган бир аз тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

**3.5. "Дивандагы" уңгу сөздөрдүн өзгөрүү өзгөчөлүктөрү.** Тилдеги сөздөр адамдардын пикир алышуусунда колдонулганда уңгу түрүндө эле айтыла бербей, ар кандай формаларда өзгөрүп айтылып тилдик карым-катышта пайдаланылат. Сөздөрдүн мына ошондой болуп өзгөрө тургандыгы сөздүктөрдө эске алынып сөздүктөр түзүлөт.

Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегинин сөздөрдү ирети менен өзүнө камтыган өзгөчөлүгү башкача. Мисалы, К.К.Юдахин түзгөн кыргызча-орусча сөздүктө, авторлор коллективи түзгөн кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө жана башка сөздүктөрдүн бардыгында сөздөр алфавиттик тартип менен түзүлүп иштелет. Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө андай болбой сөздөр алфавиттик тартип менен тизилип иштелген эмес. Ал сөздөрдү атоочтор, этиштер деп бөлүп жазган. Ошолорду да эки

ариптүү сөздөр, үч ариптүү сөздөр ж.б. деп тизип сөздөрдү сөздүккө киргизген. Ошону менен бирге «Диванга» сөздөр уңгу түрүндө болуп да, грамматикалык жактан өзгөргөн болуп да киргизиле берген. Мындай тартип менен сөздүктүн түзүлүп жазылышы XI кылымдагы аткарылган Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө болушу, ошол кылымдардагы сөздүк жазуу тартибине ылайык болуп ишке ашырылган болсо керек деп эсептейбиз.

Биз, бул ишибизде байыркы замандан калган эстелик китептин кандай болуп түзүлгөнү, сөздөрдүн кандай тартип менен сөздүккө киргизилгени тууралуу ойду айтуудан алыспыз. Бул биздин ишибиздин максатына кирбейт. Биз Махмуд Кашкаринин «Диванында» сөздөр кандай тартипте жайгашкан болсо да ошол турушундагы сөздүк составындагы уңгу сөздөргө, алардын өзгөргөн түрлөрүнө да анализ жүргүзөбүз.

**Атооч сөздөрүндөгү өзгөчөлүктөр**. Кыргыз тилиндеги сөздөр атоочтор, этиштер, тактоочтор, сырдык сөздөр, тууранды сөздөр жана кызматчы сөз түркүмдөрү болуп түркүмдөргө бөлүнөт. Булардын ичинен атоочтор зат, сын, сан, ат атооч болуп дагы төрткө бөлүнөт. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүк китебинде булар атайын бөлүнбөйт да атооч сөздөр деп гана тизмектелет, алфавиттик тартиби жок эле тизмектелип түшүндүрүлө берет. Ишибизде атооч сөздөрдү кыргыз тилинин орто кылымдагы эстелик менен фонетикалык, лексикалык жана семантикалык жактан окшоштуктар иликтөөгө алынат.

Иштин жүрүшүндө, биз, зат атооч сөздөргө тиешелүү бардык тармактардагы сөздөрдү жогоруда иликтеп көрсөттүк. Жыйынтыгында энчилүү жана жалпы аталыштар, кесипчиликке байланышкан, жер-суу жана географиялык, турмуш-тиричилик, астрономиялык түшүнүктөр кыргыз тилинин байыркы жана орто кылымдагы фонетикалык, лексикалык жана семантикалык жактан окшоштуктарын чагылдырып турат.

**Сын атооч сөздөр**. Заттардын сынын, белгисин, өңүн, сапатын көрсөткөн сын атооч сөздөр эмгекте да орун алган.

Сапаттык сын атоочтор: а) өң-түс жагынан: *ала* – кырг. *ала*, *сарыг* – кырг. *сары* түс; б) көлөм, өлчөм, салмак жагынан белгилери: *улуг* – кырг. *улуу, чоң*; езиз – кырг. бийик; в) даам-татык, жыт белгилери: *таттыг* – кырг. *таттуу*, ачыг – кырг. *ачуу*; г) темперамент, мүнөз, моралдык сапат белгилери: *ермегү* – кырг. эринчээк, жалкоо; ессиз – кырг. эссиз; д) температура жагынан белгилери: ылыг – кырг. жылуу, жылыман; үшик – кырг. үшүк; е) дене түзүлүшүндөгү өзгөчө белгилери: бүкрии – кырг. бүкүр; ахсак – кырг. аксак; ереңейү – кырг. кодо ж.б.

Катыштык сын атооч. Булар бир затты башка бир затка, орунга, мезгилге ж.б. мамилесине ылайык аныктайт. Бул үчүн катыштык сын уңгуга

ар кандай сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу ар түрдүү сөз түркүмдөрүнөн жасалат. Демек, катыштык сындын мааниси уңгу менен ага жалганган мүчөнүн маанисине байланыштуу түшөт.
*–луу* мүчөсүнүн ордуна *–лык* мүчөсү айтылат: *көмүрлүк* – кырг. *көмүрдүү*; *тереклик* – кырг. *теректүү* ж.б.
- сыз мүчөсү уланган сөздөр: *кутсуз* – кырг. *куту жок*; *ессиз* – кырг. *эссиз, уятсыз* ж.б.

Этиштен жасалган сын атоочтор. Негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракеттин натыйжасында же ошого окшошуп жасалма, пайда болмо белгисин билгизет: *көчүрма очок* – кырг. көчүрмө очок; *озытма* – кырг. катык, сүзмө.
- *ыш* мүчөсү негиз аркылуу туюндурулган маани менен заттын ортосунда жалпылыктан, байланыштын бар экендигин белги катары көрсөтөт: *билиш* – кырг. *билиш, тааныш*; *ойнаш* – кырг. *ойнош*; *азриш* – кырг. *айрылыш* (жол).
-*чаак*: *алчаг* – кырг. *көңүлчөөк, жумшак киши*.

Сын атоочтун даражаларында да «Диван» менен кыргыз тилинин олуттуу айырмалары жок.
1.Жай даражада: *кызыл* – кырг. *кызыл*; *егри* – кырг. *ийри*, *узун* – кырг. *узун*;
2. Басаңдатма даража: *көкшин* – кырг. *көгүш*. *Көкшин нең* – көгүш нерсе.
3. Салыштырма даража: *андан устун* - кырг. андан бийик. *Ол андан исре ол* - ал андан төмөн.
4. Күчөтмө даражадагы сөздөр: а) *көмкөк* – кырг. *көпкөк, көкмөк*; б) «Диванда» *түм, чым, көм* сыяктуу күчөтмө бөлүкчө аркылуу жасалат. *Түм кара ат* – кырг. *түк капкара ат*; *күм: күм көк* - көк өңдү күчөтүп көрсөтүүчү бөлүкчө. *Көп-көк*.
**Сан атооч сөздөрдүн эмгекте берилиши**. Эмгектеги сан атооч сөздөр түзүлүшү жана мааниси жагынан кыргыз тилинен анча айырмачылыктар жок. **Эсептик сан** атоочтор: *бир, ики, йигирма, еллик, саксун, тогсон* ж.б. Эсептик сан атоочтор *нэчэ* – кырг. *нече, канча* деген суроого жооп берет. *Нэчэ йармаг бэрдиң*? – канча жармак бердиң? “Диванда” сөз башындагы [й], тыбышынын ордуна кыргыз тилинде [ж] тыбышы (*йети* – жети, *йыгырма* – жыйырма) жана *э – и* (*икки* - эки), *к – г* (*токуз* – тогуз, *секиз* - сегиз) тыбыштарынан, кээ бир үнсүздөрдүн катар келишинен (*икки, оттуз, эллик*) айырмаланган учурлары кездешет.
Иреттик сан атоочтор: *биринчи, икинч, үчүнч, онунчу* ж.б.
Чамалама сан атооч: *дүк*: *дүк миң* – кырг. *миңдей. Дүк миң йармаг* – миңдей жармак. Топ сан: *миң* – кырг, миң. Бирин-бирин миң болор, тама - тама көл болор .
**Ат атооч** заттарды же алардын белгилерин көрсөтүү (билдирүү) менен дейксистик (чектелген) функцияга ээ. Ошол себептүү ат атооч байыркы сөз

түркүмдөрүнөн болуп эсептелет [Сыдыков, 2002:164]. «Диванда» ат атооч сөздөр көп кездешет. Алардын басымдуу бөлүгү, айрым гана фонетикалык айырмачылыктары болбосо, жандуу кыргыз тилинен айырмаланбайт: *Бул иш угурлуг болды – Бул иш өз учурунда болду. Мен анда ердим – Мен ал жерде элем.* Эмгекте **жактама ат атооч**: *мен, сен (сиз), ал*. Көптүк санда: *биз, сиз, олар*. **Шилтеме ат атоочтор**: *бу* - бул, *бу эр* – кырг. бул эр; *ол* – ошол, *буну* – муну. *Бу бизниң өз киши ол* – бул биздин өз кишибиз. *Моно* – кырг. мына. **Сурама ат атоочтор** эмгекте көп кездешет, бирок тыбыштык өзгөчөлүктөрдү эске албаганда кыргыз тилинде баары айтылат: *ким, не* - кырг. не, эмне? *нече, кантан* (кайдан); *айиг эзгү* – кырг. кандай ийги. ж.б. *Бу ким*? – бу(л) ким? Гайда – кырг. кайда, каерде? Гайда сэн? – кырг. кайдасың? Гани – кырг. кана, кайсы, гани киши – кырг. кайсы киши? **Таңгыч ат атоочтордун:** *кач нең (эч качан), нең (эч)* ж.б. **Аныктама ат атоочтор**: *барча* – кырг. *бардыгы, баары*; өз – кырг. өз,. *Ол кэнди айди* – ал өзү айтты. *Гамог* – кырг. *баары*. *Гамог киши түз эмэс* – кырг. *бардык киши бирдей эмес*.

Эмгектеги келтирилген ат атооч сөздөр кыргыз тилинен кезигет. Ат атооч байыркы сөз түркүмдөрүнөн болуп эсептелгендей түрк элдеринде окшоштук жактары көп.

Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүк китебинде этиш уңгулар сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөргөн көрүнүштөрү менен берилген. Этиш сөздөр да атооч сөздөрдөй эле болуп, эки ариптүү, үч ариптүү, төрт ариптүү, беш ариптүү, алты ариптүү сөздөр болуп өзүнчө топтор менен жазылган. Булар, этиш сөздөр, биздин изилдөөбүзгө кирбейт.

## КОРУТУНДУ

Ишти изилдөөдө төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1.Сөздүктөгү созулма үндүүлөр айрым тыбыштардын айкалышууларынан жана үндүн созулушунан пайда болуп, эмгек менен жандуу кыргыз тилиндеги сөздөрү туура келери белгилүү болду. Мисалы: огул - уул; буу - пар, ашыч буусы - казандын буусу; бээ - кобыла ж.б. мисалдар келтирилген. Бул мисалдарды келтирүүдө профессор Т.Токоев менен К.Кошмоковдор жана И.Абдувалиев, Т.Ахматов, А.Оморов, И.Ш.Султаналиев, М.Толубаевдердин кыргыз тилине которгон нускасына таянып иш жүргүздүк.

2. Эмгектеги сингармонизм мыйзамы сакталган жана сакталбаган учурлары да бар экени белгилүү болду. Айрым сөздөрдүн типтүү фонетикалык жылышууларына иликтөө жүргүзүлдү. Кээ бир сөздөр тыбыштык жактан өзгөрүп кетип, азыр таанылгыс болуп калган.

3. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүк китебинде түрк тилдеринин сөздөрү алфавиттик тартипте эмес, муундук түзүлүштөрү

боюнча тартип менен жазылган. Ошол мезгилдин сөздүктөрүнүн тажрыйбасы ушундай болгон болуш керек деп ойлойбуз. Мына ошол муундук түзүлүштөр «Диван-и лугат ат-түрктө» тамга саны боюнча топторго бөлүнүп берилген. Аны автор «эки ариптүү бөлүмү», «үч ариптүү сөздөр бөлүмү», «төрт ариптүү сөздөр», ж.б. деп тартип ыраатына келтирип жазып, маанилерин ачып берген. Изилдөөдө сөздүктөгү уңгу сөздөрдү мына ошол тартип ырааты менен келтирип талдоо жүргүзүлдү.

4. «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүк китеби менен азыркы кыргыз тилинин фонетикалык жактан да, лексикалык жактан да окшоштуктарынын көп экендиги белгиленди. Мисалы: *оп* (оп майда), *ат, эш, от, ит, үч, уч, ич, эр* жана башка бир муундуу сөздөр: *угут, үгүт, атыш, идиш, уруш, алыш* (суунун алышы), *этек, өтүк* ж.б. эки муундуу сөздөр; *ачыткан, агыткан, окуткан, унуткан, учурган, үзүлгөн, эшилген* ж.б. көп муундуу сөздөр.

5. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү ар түрдүү кесипке байланыштуу сөздөрдүн дээрлик көпчүлүгүнүн азыркы кыргыз тилинин лексикасында бар экендигин белгиледик. Мисалы: *ириң, укурук, көмөлдүрүк, аркак, бешик, идиш, аңыз, талкан* ж.б.

а) «Диванда» медициналык терминдердин: *сары кезиг* – сары оорусу, *талгаан иг* – талма оорусу; мергенчиликке: *мергенчи, аңчы, куш таптоо*; балыкчылыкка: *чабак* - кичинекей балык, *казык* – жыгач кайык; устачылыкка: *көрүк* – темир усталардын көрүгү, аспап, *базгаан* – базган; жыгаччылык: *биишик* – бешик, *ук* – уук, боз үйдүн уугу; чеберчилик: *ериш* – эриш, *уз киши* – уз, чебер; дыйканчылык: *ашлык* – буудай, *ограк* – орок ж.б. сыяктуу толуп жаткан сөздөр катталган.

б) Канаттуулар: *тартар* - тартар, *кузгун* - кузгун; үй жаныбарлары: *эчкү* - эчки, *барак* – барак (жүндүү саксайган ит). Жаныбарлардын аталыштарында кээ бир фонемалык алмашуулары орун алган. Мисалы: *кирпии* – кирпи, *атан* – атан төө, *ивик* – кийик, тоо эчки. “Кийик” сөзү эмгекте “ивик” деп айтылат. Сөз башындагы [к] фонемасы айтылбай, [й] тыбышынын ордуна [в] тыбышы айтылган.

в) Астрономиялык түшүнүктөр: *йел көгөөн* – көк желе (асмандагы жаа, жез кемпир көгөнү), Асан-Үсөн, *булут* – булут; жылдыздар: *Ерин туз* – Тараза жылдызы, *Үлкер* – Үркөр жылдызы ж.б. мисалдар бар.

г) Географиялык аталыштар: *арт* – арт, дабан, ашуу; *Арук торук* – Арук-Торук; *Бедел арт* – ашуу, Бедел ашуусу ж.б. Махмуд Кашкаринин сөздүгүнүн материалдары менен азыркы кыргыз тилинде салыштырып келип, сөздөрдүн басымдуу бөлүгү фонетикалык, лексикалык мааниси менен бирдикте биздин улуттук тилибизде колдонулгандыгы белгилүү болду.

6. Зат, сын, сан, ат атооч сөздөрдүн бөлүнүштөрү, алардын морфологиялык түзүлүштөрүн азыркы кыргыз тили менен салыштырып, окшоштук жактарын мисалдар менен көрсөтүлдү.

7. Эмгекте уңгу сөздөр (атооч сөз түркүмдөрү) айрым гана тыбыштык өзгөрүүлөрүн эске албаганда, бүгүнкү жандуу кыргыз тилинде активдүү колдонулгандыгы мисалдарды салыштырууда ачык байкалды.

8. Байыркы кыргыз тили менен Махмуд Кашкаринин «Дивандагы» сөздөрдүн жана азыркы кыргыз тилинин фонетикалык-лексикалык, грамматикалык жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн салыштыруу ыкмасы менен сөздөрдүн лексикалык курамдын сакталганы иликтөөлөрдө белгилүү болду.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылды:**

1.Токошева, Ж. Махмуд Кашгари-түрк элдеринин орто кылымдагы чыгаан окумуштуусу [Текст] / Ж.Токошева // Ош МУнун жарчысы. – 2012. - №2. – 149-151-бб.

2.Токошева, Ж. Махмуд Кашкарин-Барсканинин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегиндеги бир муундуу сөздөр [Текст] / Ж.Токошева // ИСИТО II эл аралык илимий-практикалык конференц. материалдары. – Бишкек, 2013. - 184-187-бб.

3.Токошева, Ж. Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегиндеги муундук түзүлүштөр [Текст] / Ж.Токошева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. –2014. -242-247-бб.

4.Токошева, Ж. Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегиндеги маанилери өзгөрүп кеткен сөздөр [Текст] / Ж.Токошева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. –2014. - 247-251-бб.

5.Токошева, Ж. Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегинин түрк тилдерине которулушу жана иликтениши [Текст] / Ж. Токошева // Ош МУнун жарчысы. – 2014. -№2. – 49-52-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=30677777

6.Токошева, Ж. Махмуд Кашкаринин «Дивани лугат ат-түрк» эмгегиндеги маанилери өзгөрбөгөн сөздөр [Текст] /Ж.Токошева // Ош МУнун жарчысы. – 2014. -№3. – 78-83-бб.

7.Токошева, Ж. Лексика из словаря Махмуда Кашгарского «Дивани лугат ат-тюрк» и ее функционирование в современном кыргызском языке [Текст] /Ж.Токошева // Проблемы современной науки и образования. – Иваново. -2016. - №40. -С. 75-78. https://elibrary.ru/item.asp?id=27693291

8.Токошева, Ж. К истории изучения астрономических, метеорологических понятий и времен года из словаря Махмуда Кашгарского «Дивани лугат ат-тюрк» в проекции на кыргызский язык [Текст] / Ж.Токошева // В мире науки и искусства: вопросы филологии,

искусствоведения и культурологии. – №3(70) – Новосибирск, 17 март 2017. - С. 64-69. https://elibrary.ru/item.asp?id=28765177

9.Токошева, Ж. Махмуд Кашгаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегиндеги кээ бир жер-суу аталыштарынын бүгүнкү кыргыз тилинде колдонулушу [Текст] / Ж.Токошева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2018. - №9. -С. 127-136. https://elibrary.ru/item.asp?id=37030567

10. Токошева, Ж. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегиндеги кол өнөрчүлүккө байланышкан сөздөр [Текст] / Ж.Токошева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2018. - №9. -С. 137-141. https://elibrary.ru/item.asp?id=37030565

11. Токошева, Ж. Использование долгих гласных Махмудом Кашгари в своём труде Диван-и лугат ат-турк» и точки зрения о них сегодняшний день [Текст] /Ж.Токошева // НИЦ МИСИ XII международная научно-практическая конференция «Инновационные исследования как локомотив развития современной науки: от теоретических парадигм к практике». –Москва. -2019. -С. 3-12. Сайт:http://conference-nicmisi.ru

12. Токошева, Ж. Сходство значений слов, связанных с сингармонизмом в кыргызском языке и в труде Махмуда Кашгари «Диван Лугат ат-Турк» [Текст] /Ж.Токошева // Бюллетень науки и практики.- Т.6. №9 - Россия, г. Нижневартовск. – 15 сентябрь 2020. – С. 429-434. https://doi.org/10.33619/2414-2948/58

13. Токошева, Ж. Махмуд Кашгаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегиндеги кээ бир жылкы аттарынын бүгүнкү кыргыз тилинде колдонулушу [Текст] / Ж.Токошева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2020. -№ 7. –С. 276-280. https://elibrary.ru/item.asp?id=45586239

14. Токошева, Ж. Названия птиц в произведении «Диван лугат ат-Турк» и их употребление в современном кыргызском языке [Текст] / Ж. Токошева //Бюллетень науки и практики. -Нижневартовск. -2021. Т.7. - №3. – С. 389-395. https://elibrary.ru/item.asp?id=44884219

15. Токошева, Ж. Названия продуктов питания в произведении Махмуда Кашгари «Диван-и лугат ат-турк» и их употребление в современном кыргызском языке [Текст] / Ж. Токошева // Бюллетень науки и практики. – Нижневартовск. -2021. Т. 7. -№ 4. https://elibrary.ru/item.asp?id=45658748

**Токошева Жамила Аттокуровнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Махмуд Кашкаринин “Диван-и лугат ат-түрк” сөздүгүндөгү уңгу сөздөр (атооч сөз түркүмдөрү) жана алардын азыркы кыргыз тилине катыштыгы» аттуу диссертациясынын**


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр**: *жазма эстелик, түрк тилдери, созулма үндүүлөр, сингармония, дисгармония, уңгу сөздөр, метатеза, лобиализация, синкопа, маанилери өзгөрбөгөн, маанилери өзгөргөн, кесипчиликке байланышкан, лексикалык маани, грамматикалык маани.*

**Изилдөөнүн объектиси** - Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгеги, **предмети** «Дивандагы» уңгу сөздөр болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты** катары аталган эмгектеги уңгу сөздөрдүн азыркы кыргыз тилиндеги көрүнүшү жана лексика-грамматикалык маанилериндеги өзгөрүүлөрүнүн аныкталышы, өзгөрүүлөрдүн себептеринин ачылышы жана сөздөрдүн байыркы көрүнүштөрү менен азыркыларын салыштыруу болуп саналат.

Изилдөө **методдору** катары байкоо, сыпаттама, салыштырма, салыштырма-тарыхый талдоонун ыкмалары жана жолдору колдонулду.

**Изилдөөнүн негизги натыйжалары**:

1) «Диван» менен жандуу кыргыз тилинин фонетика-лексикалык жактан жакындыгы көрсөтүлдү.

2) Сөздүктөгү созулма үндүүлөр айрым үнсүз тыбыштардын жоюлуусунан жана үндүн созулушунан пайда болуп, эмгек менен жандуу кыргыз тилиндеги сөздөрү туура келери белгилүү болду.

3) Эмгектеги сингармонизм мыйзамы сакталышы жана сакталбаган учурлары, муундук түзүлүштөр негизинен жандуу кыргыз тилине окшош.

4) Махмуд Кашкаринин эмгегинин окулушу жана жазылышы туура келген сөздөр, маанилери өзгөрбөгөн, маанилери өзгөрүп кеткен сөздөрдү азыркы кыргыз тили менен салыштырганда басымдуу бөлүгү жакын.

5) Махмуд Кашкари колдонгон лексикалык бирдиктердин тематикалары кесипчиликке байланышкан сөздөр, жаныбарлардын аттары, астрономиялык түшүнүктөр, жер-суу жана географиялык ж.б. аталыштарды салыштырып иликтөөдө азыркы кыргыз тилине жакын экендиги далилденди.

**Колдонуу чөйрөсү.** Жыйналган мисалдар азыркы кыргыз тили боюнча сабактарда пайдаланылса болот. Ал эми лексикалык материалдардын иликтениши, азыркы кыргыз тилинде мааниси сакталган, өзгөрүлгөн сөздөрдүн жолугушу тилдеги байыркы сөздөрдүн сакталып келаткандыгын көрсөтүп, тарыхый лексикологиянын иштелишине материал болуп бере алат.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Токошевой Жамилы Аттокуровны на тему: «Корневые слова (именные части речи) в словаре Махмуда Кашкари “Диван-и лугат ат-турк” и их отношение к современному кыргызскому языку» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.01 – кыргызский язык.**

**Ключевые слова**: *письменный памятник, тюркские языки, долгие гласные, сингармония, дисгармония, корневые слова, метатеза, лобиализация, синкопа, изменившие значение, не изменившие значение, профессионализмы, лексическое значение, грамматическое значение.*

**Объектом исследования** является произведение Махмуда Кашгари «Диван-и лугат ат-турк», **предметом** являются корневые слова произведения.

**Цель** исследования: выявление изменений лексических и грамматических значений корневых слов в современном кыргызском языке, выявление и сравнение причин этих изменений.

В качестве **методов** исследования использовались методы и приемы наблюдения, описания, сравнения, сравнительно-исторического анализа.

**Основные результаты исследования:**

1) Показано фонетическое и лексическое сходство современного кыргызского языка с «Диваном» (словарем);

2) Долгие гласные в словаре образуются путем исключения некоторых согласных и удлинения звука. Стало ясно, что слова в современном кыргызском языке совпадают со словами в словаре.

3) Случаи соблюдения и несоблюдения закона сингармонизма в словаре, построение слогов схожи с современным кыргызским языком.

4) Большая часть слов в труде Махмуда Кашгари, в которых совпадает произношение и написание, в которых слова не изменили или изменили значение близка к современному кыргызскому языку.

5) Были изучены и уточнены слова, орфография и произношение которых такие же, как в современном кыргызском языке, но в произведении имеют другое значение.

6) Сравнительное изучение тематики лексики, использованной Махмудом Кашкари, включающей профессионализмы, названия животных, астрономические понятия, наземно-водные, географические и другие названия показало, что она близка к лексике современного кыргызского языка.

**Область применения:** результаты работы дают ценные материалы по истории кыргызского языка (включая тюркские языки), исторической лексикологии, исторической грамматике. Так же результаты могут быть использованы в исследованиях о корнях слов, изменивших фонетическую структуру, в написании этимологических и исторических словарей. Материалы диссертации могут быть использованы в лекциях вуза по истории языка, тюркологии, лексикографии.

**SUMMARY**

**Tokosheva Zhamila Attokurovna's dissertation on the topic: «Root words (nominal parts of speech) in the work of Mahmud Kashgari» Divan-i lugat at-Turk «and their relationship to the modern Kyrgyz language» for the degree of candidate of philological sciences, specialty 10.02.01 - Kyrgyz language.**

**Key words:** *written monument, Turkic languages, long vowels, vowel harmony, disharmony, root words, metathesis, lobialization, syncope, changing meaning, not changing meaning, professionalism, lexical meaning, grammatical meaning, functional words*.

**The object** of the research is the work of Mahmud Kashgari «Divan-i lugat at-Turk», **the subject** is the root words of the work.

**Purpose** of the study: identification of changes in the lexical and grammatical meanings of root words in the modern Kyrgyz language, identification and comparison of the reasons for these changes.

Methods and techniques of observation, description, comparison, comparative historical analysis were used as research **methods**.

**The main results of the study:**

1) The research shows the phonetic and lexical similarity of the modern Kyrgyz language with the «Divan» (dictionary);

2) Long vowels in the dictionary are formed by excluding some consonants and lengthening the sound. It became clear that the words in the modern Kyrgyz studied and clarified.language coincide with the words in the dictionary.

3) Cases of observance and non-observance of the law of vowel harmony in the dictionary, the construction of syllables are similar to the modern Kyrgyz language.

4) Most of the words in the work of Mahmud Kashgari, in which the pronunciation and spelling are the same, in which the words have not changed or have changed their meaning are close to the modern Kyrgyz language.

5) Words, the spelling and pronunciation of which are the same as in the modern Kyrgyz language, but in the work they have a different meaning have been studied and specified.

6) A comparative study of the vocabulary topics used by Mahmud Kashkari, including professionalisms, names of animals, astronomical concepts, terrestrial-aquatic, geographical and other names, showed that it is close to the vocabulary of the modern Kyrgyz language.

**Scope:** the results of the work provide valuable materials on the history of the Kyrgyz language (including the Turkic languages), historical lexicology, historical grammar. The results can also be used in research on the roots of words that have changed the phonetic structure, in writing etymological and historical dictionaries. The dissertation materials can be used in university lectures on the history of language, Turkology, lexicography.